
Скырг
А 17

Сапар
АБЫЛОВ



# МАХАБАТ ОТУ ӨЧПӨЙТ

ОШ—1992

Формуляр книги

| | |
|---|---|
| Скырг | 433392 |
| А 17 | Абылов С. |
| | ...ту өчпөйт |
| | 10с. |

Скырг
А 17

Сапар АБЫЛОВ

# МАХАБАТ ОТУ ӨЧПӨЙТ

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 433392

«ООГАНДЫК КЫРГЫЗДАРГА ЖАРДАМ»
КАЙРЫМДУУЛУК БОРБОРУ

Ош —1992

ХРАНЕНИЕ

Абылов Сапар —кыргыз жумуриятына таанымал журналисттердин бири. Ал басма сөз майданында иштөө менен көркөм адабий чыгармалардын үстүндө да үзүрлүү эмгектенүүдө. Анын үч китеби «Мектеп» жана «Кыргызстан» басмасынан жарык көргөн. Бул китебине бир топ ырлары «Махабат оту өчпөйт» аттуу поэмасы кирди. Ырларында лирикалуулук басымдуулук кылат.

# ЫРЛАРЫМ МЕНИН СЫРЛАРЫМ

Жазам ырды терип-тепчип турмуштан,
Кирпичиндей кынап үйдү тургузган.

Бирде турмуш көк—деңиздей мелтиреп,
Толкундарын көз алдыма келтирет.

Бирде күйүп жалынданып көрүнөт.
Бирде нөшөр—жамгыр болуп төгүлөт.

Жазам ырды ошол нөшөр алдында,
Аралашып бороондогон толкунга

Турмушумдун тууруна конуп алып,
Турган элем алгыр куштай таранып.

Учтум көккө бийиктеп алыстарга,
Артта калдым жете албай жарыштарда.

Уча берем канат-куйрук кайрылганча,
Акыркы өмүр, күч-кубаттан айрылганча.

Менин ырым өмүрдөгү сырларым,
Көрөрүм чын өмүр, турмуш жыргалын.

## ҚАРЕГИМ МЕНЕН ҚАГЫЛАМ

Уйтулдап улар сайраган,
Булагы оргуп кайнаган.
Туулган жерим көрктүү жер,
Түрлөнүп гүлдөр жайнаган.

Айланып шумкар өтпөгөн,
Ак булут түнөп кетпеген.
Тоолору бийик көк тиреп,
Җай-кышы тонун чечпеген.

Қара-Җар, Қум-Бел Төө-Қарын,
Аралап эчен баскамын.
Ээр-Таш, Тамчы-Булактын
Ашуусун атчан ашкамын.

Суу бойлоп сергип баскамын
Гүл терип көңүл ачкамын.
Оздук чайнап туйлаган
Қунан тай минип чапкамын.

Туулган жерим Миязды,
Көп тергем, ышкын,пиязды.
Бүлдүркөн, зире, карагат,
Өмүрдүн мүлкү, азыгы.

Коргон-Җар, Уутөр, Кайыңды,
Аңкыган жыттуу айылды



Бир көргөн адам кете албай
Дээр эле курорт жайыбы?

Ак көбүк бүркүп шар суулар,
Акканда күчтүү толкундар
Җемирип, эгеп таштарды,
Җел коштоп черткен күүсү бар.

Тоолордо арча, карагай,
Бой түзөп, өсүп топ ыргай,
Җылгада четин, табылгы,
Сүртүнгөн боёк анардай.

Шар суунун жээгин мекендеп,
Балтыркан, камыш, өлөң чөп.
Тартар куш тартат кыягын,
Так ушул жерде түн күзөп.

Үч-Үңкүр турат жанаша,
Қыялга батсам балача,
Үч көздүү дөөдөй сезилет,
Сакчыдай карап айылга.

Тиктесем тиктеп тургансып,
Көңүлдү мага бургансып.
Үч-Үңкүр сүйкүм көрүнөт,
Үңүлүп таазим кылгансып.

Сагынып барсам Үч-Үңкүр,
Дегенсийт тез-тез келип жүр.
Сен туулган кыштак шаардай
Өзгөргөн түрүн көрүп жүр.

## БИР ЭЛЕС

Бир элес турат эсимде,
Жыпарын чачып сезимге.
Жүрөктү сүйүүң аралап,
Жүдөтүп жүргөн кезиңде,
Эстелик берип аргасыз
Коштоштуң айыл четинде.
Максатка жетпей кармалып,
Өксүдүк айыл кечинде.
Эскичил атаң айткан сөз
Алиге турат эсимде.

## БИР ТАЛ ЖҮЗҮМ

Көз алдымда мөлтүлдөп бир тал жүзүм,
Тартып алды заматта сезим күчүн.
Элжиретип жүрөктү жаш сулуунун
Элестетти берметтей тунук жүзүн.

Ооба эстедим тамшанткан таттуу сөзүн,
Карагаттай сүйкүмдүү кара көзүн.
Жүрөгүмдө сакталып калган белем,
Мага берип жаштыктын таттуу кезин.

Багбан барктап жетилткен бир тал жүзүм,
Сагындырган жаштыктын бердиң күчүн.
Түшкө кирип жаш сулуу ошол түнү
Бир назданып, бир күлүп тосту жүзүн.



## ТЫНЧ БОЛСО ЭКЕН БҮТ ААЛАМ

Биз адамбыз болоттой бек чыңалган,
Акыл күчүн ай-жылдызга чыгарган.
Мекен үчүн согот жүрөк ак дилдүү.
Турмуш аны тазалыкка сугарган.
Пайдаланбай ушул акыл, ушул ойдун
булагын,
Биз болдук го бүт ааламга чыр салган.

— * —

Көңүлдөнө ойду уласак ааламга,
Салыштырсак дөөлөр менен шааларга,
Алп күчүбүз тоону бузат омкоруп,
Дөө чымындай адам үчүн чынында.
Жомокто жок биз жасаган укмуштар,
Болгон эмес атом бомба шааларда.

*

Бирде батыш, бирде чыгыш тараптан,
Үн эфирге таркайт тынбай чыңырган.
Адам үнү, жашоо үнү ушул үн,
Бүт ааламдын тынчын алып угулган.
Кучагынан ыргытчуудай силкинип,
Жер—эне да кайгы тартып сыгылган.

— * —

Адамдарым тынч болсо дейт жер—эне:
«Ааламдагы кандаш, тектеш жан эле?!.»
Өткөн сайын доорлордон доорго,
Көтөрүлүп акыл күчү бийикке,

Адам азыр космоско учуп бийикте.
Не кааласа баарын берет бапестеп,
Кебелбеген кең пейилдүү жер—эне.

— * —

Бассам-турсам согушту ойлойм кыйналам,
Адамзатка жакшылыкты ыйгарам:
«Болбосо экен кан төгүлгөн өмүрлөр,
Бороондонбой тынч болсо экен бүт аалам!»
Тынчым кетет кан тамырлар зыркырап,
Элестетсем энелерди ыйлаган.

— * —

Угулбасын адам үнү кайгылуу,
Болсун адам бир-бирине кайрымдуу.
Өкүм сүрсүн магдыраткан тынч жашоо,
Жакшы тилек, үмүт болсун жалындуу.
Жүрөгүндө адамдардын ар качан,
Анан дагы болсун күтүү, сагынуу.

— * —

Эй, адамзат ойлонолу тезинен,
Арамдыкты алып таштап сезимден,
Жер—эненин бал-каймагын калпып жеп,
Тынч жашайлы. Жаман жорук эсирген.
Жебеленген мезгилдерге ой жүгүрт,
Чыга электир согуш-азап эсинден.



## ҮМҮТТӨРҮМ ЖАНГАН ОТ

Үмүт менин коштоп турган өмүрүм,
Үмүт улап көктө чалкыйт көңүлүм.

Үмүттө бар тоо суусундай тазалык,
Үмүт менен оюм турат тазарып.

Үмүттөрүм өчпөс нурдай көрүнөт,
Үмүттөрүм мүрөк болуп төгүлөт.

Жылдыздардын арасында ай турса,
Үмүттөрүм айдай жарыйт турмушта.

Үмүттөрүм өмүр шерик жанган от,
Кан тамырга сиңип, орноп калган от.

Жүрүп турган каным, жаным — үмүтүм,
Жүрөктөгү согуп турган күнү-түн.

Үмүт өчпөйт өчсө өмүрдүн өчкөнү,
Кара таштай жүрөк суугa чөккөнү.

Үмүт өчпөйт үмүттөргө уланат,
Үмүт менен жашай берет адам зат.

## ЗАМАНЫМ АНЫН СЫНЧЫСЫ

Жарышып таңга ойгоном,
Ойготуп таалай ышкысы,
Ырысым ырым тойбогон,
Заманым анын сынчысы.

## КИМ ТАЛАШАТ

Күн саналып, жылдар өтүп баратат,
Улам сергүн, мээримге бай таң атат.
Күлүк заман күндө жаңы өнөр таап,
Бүт жер шарын таңыркатып каратат.
Ушунчалык жыргалга бай заманда
Солутам деп айтчы кимдер талашат?

Кайда жүрсөм көңүл куунак, көңүл шат,
Куунак жүрүү кимге болсун жарашат.
Ушунчалык жыргалга бай заманда
Тилегим бул: Өтпөсө экен өмүр бат.
Ушул доордо ата-энем мекеним,
Сугун артып айтчы кимдер талашат.

## ТАМШАНТТЫ

Мөлтүрөп бышкан карагат,
Тоо жели желпип ыргалат.
Суусуну канбай боз чымчык,
Ширесин соруп тамшанат.

Сулууга таккан шурудай,
Үзүүгө тургам көз кыйбый.
Тамшандым бир тал үзүп жеп,
Тамшанып ичкен кымыздай.



## АШЫКТЫК

Олтурам... Булак суусу күүсүн улап,
Черткенсийт назик кылын чыңап-бурап.
Элжирейм булбул сайрап безеленип,
Маңдайкы ак кайыңда конуп турат.

Жанына коно калып бир боз чымчык,
Эркелейт тумшук менен аны чымчып,
Ээрчитип кайдадыр ал алып кетти,
Ашыктык ышкысына аны кымтып.

## ШҮҮДҮРҮМ

Жамгыр жаады, жарк деп асман ачылды,
Жан жыргатып күндүн нуру чачылды.
Мончоктордой мөлтүрөгөн шүүдүрүм
Жалбырактын уч-учуна асылды.

О, шүүдүрүм кетпегин дейт жалдырап,
Сыдырым жел сылап өтсө калтырап.
Кулап түшүп араң турган шүүдүрүм,
Өсүмдүктүн өзөгүнө тартылат.

## ЫЗГААРЫНА СУГАРАТ

Кыш келгенде булчундарым чыңалат,
Көөдөнүмө суу кайнатып, от жагат.
Таноолордон чыккан бууну тоңдуруп,
Мурутума мөлтүрөтүп муз тагат.
Жүрөгүмдү үшүтө албай кышкы суук,
Кан тамырды ызгаарына сугарат.

## ЖЫЛДЫЗДАР ЖЫМЫҢДАШАТ

Жылдыздар жымыңдашат, жымыңдашат,
Чексиз зор мейкиндиктин кучагында.
Түн тынчтыгын терметип мулуңдашат,
Түшүнбөдүм алардын сырларына.

Жылдыздар жымыңдашат, жымыңдашат,
Жерден көрүп миллион түр сулуулукту.
Тээ алыскы бийиктиктен суктанышат,
Адам дешет ааламда жок улуулукту.

## С Ө З

Сөз — учкул чексиздикти кечип өткөн,
Сөз — өткүр тоо тоскоолун тешип өткөн.
Жаман сөз октой тийип сезимиңе,
Уулантып бүт денеңди сөөккө жеткен.
Жакшы сөз жан жыргатып, көңүл сергип,
Жашартып көөдөнүңө дары сепкен.

Сөз — акыл, ойдон чыгып бийик турган,
Сөз — ар-намыз жеңиштерге
шыктандырган.
Бир мисал лениндик улуу сөздөр
Теңдик, бакыт мекенин бийик курган.
Биздин эл тынчтык үчүн тирек болду,
Ленин сөзүн, акыл-оюн курал кылган.



## ЖАШАП ТУРАТ

Жыл артынан жыл өтөт, жылдар келет,
Мезгил күчүн мезгилдин күчү жеңет,
Кыш, жаз, жай, күз мезгилдер
тизгиндешип,
Өмүрлөрдү азгырып өтө берет.

Өмүр өтөт мезгилдер унутулат,
Өзүң тиккен дарактын гүлү ачылат.
Гүлдөй бүрдөп эмгегиң элге жетсе,
Ошол гана эскирбей жашап турат.

## ЭСКЕРЕМ

Бала кезим. Шар суунун боюндабыз,
Биздин боз үй бийик жерде турат жалгыз.
Арча, кайың, кооз гүлдөр, балапандар,
көпөлөктөр... Таттуулук жок мага ансыз.

Булбул менен тең ойгоном, эрте турам.
Миң кайрыктуу мукамданган үнүн угам.
,Көңүл куунак, гүл терем, көпөлөктөр
мага эрмек. Ар күнү тоого чыгам.

Тоого чыгам кучак жайып таза абага,
Эргийм, ырдайм, суктанам айланага.
Канат күүлөп учкум келет бийиктеп,
Сыймыктанам эркеткен заманама.

Жамгыр жаайт, өжөрдөнөт мага жагат,
Үй ичинин бир бурчунан тамчы тамат.
Кулак төшөп тыңшайм анын музыкасын,
Куу чалат, зың-зың этет калай табак.

Булут тарайт, жамгыр токтойт,
күн көрүнөт,
Аалам малкып жаркыраган нур төгүлөт.
Чыксам сыртка балалыктын оту менен
Салкын желден ырахаттын жыты келет.

Баруунү эңсейм жайлоодогу конушка,
Балалыгым калган ошол конушта.
Элестетсем апам турат дагы эле
Кейип-кепчип каргыш айтып согушка.

Ал анткени куунак жүргөн кезимде
Уу чачкандай ууктуруп сезимге,
Согуш — азап, кайгы берип атамдан
Ажырагам, өсө албагам эркимче.

Качан кайда жүрсөм дагы апа мен,
Теңдеш таппай эмгегиңди эскерем.
Өмүрүмдө канча иштесем баары бир
Түн терметкен түйшүгүңө жетпеген.

## ЖУРТУМ СҮЙСҮН

Мен турмуштун ак карасын ылгадым,
Эч бир жанга кара ниеттик кылбадым.



Оорлукту жеңдим, бирок жеңилбедим,
Алдан тайып, алсыз болуп көрүнбөдүм.

Чындык үчүн жанды үрөп күрөшкөмүн,
Кырчылдашып, тил кайрашып тирешкемин.

Ийилсем да сынбаганмын, сындыргамын,
Кара ниеттин арам тишин жулдургамын.

Кайда жүрсөм жолум ачык, ниетим ак,
Тынбай иштейм, журтум сүйсүн ардактап.

## КЕКЕНГЕНИН КОЙСОЧУ

Мага бирөө муштум түйсө кезенип,
Күлүп-жайнап турсам анын жанында.
Ала албаган өчү бардай көшөрүп,
Чычаладай күйүп турат жалынга.

Мен жылмайсам ал ызалуу тынчы жок,
Качанкы өткөн сөздү эстеп кекенип.
А мен болсо турам эркин, көңул ток
Жүрөгүмө ак пейилди түнөтүп.

Мен кекенбейм, кекчилдикти жек көрөм,
Кектешкенге тууганымдай мамилем.
Күлкү менин күткөн мүлкүм, дүнүйөм.
Өмүрүмдү күлүп-жайнап өткөрөм.

О, адам эй, кекенгенин койсочу,
Тирүүлүккө бир жаралып келген соң.
Жарык дүйнө—жашоо, турмуш ордосу,
Жоксуң андан узап өтүп кеткен соң.

## КҮНДӨР ӨТӨТ

Күндөр өтөт, күндөр өтөт билинбей,
Жымыңдашкан жылдыздардын миңиндей.
Мен баратам турмуш жүгүн артынып,
Жашоодогу үмүтүмдөн түңүлбөй.

Күндөр өтөт жаңыланып, чарк уруп,
Өчпөс изин түбөлүккө калтырып.
Өтөт өмүр жуурулушуп күндөргө,
Мезгилдерге желеленип, тартылып.

Күндөр өтөт өткөн күндү санабайм,
Өткөн жаштык өмүрүмдү таба албайм.
Жалынбайын, жалбарбайын өрттөнүп,
Эми кайра жаштыгымды ала албайм.

Өттү күндөр, өттү өмүр сезилбей,
Элестенет түндө көргөн түшүмдөй.
Карылыктын бактысына жетсем дейм,
Өткөн өмүр, жаштыгыма өкүнбөй.



Кеткенинде көрүшүп менден узап,
Жытың калат сезимди кытыгылап.

Жытың калат сезимди кытыгылап
Чыкса экен деп алдымдан утурулап,
Үмүтүмдү өзүңө улай коём,
Качанкы бир учурду эңсеп, самап.

## МЕН КИММИН?

«Мен киммин?
Мен бир акын жамансары,
колунда койкондогон калем сабы.»
(Б. Сарногоев).

Мен киммин?
Мугалиммин;
Ар убакта ак жол тилеп,
жаңы муунду ак дилимден алга сүрөп,
Турмуш берген улуу жолдо бара жатам,
акыл-ойду курчутуп, кайрап-бүлөп.

Мен киммин?
Врачмын;
Соккон жүрөк, өмүрлөрдү сактаган,
адамдардын ак тилегин жактаган,
ажал тоскон кылыч мизин майтарып,
сууруп алып ташка чаап таштаган.



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 433392

Кеткенинде көрүшүп менден узап,
Жытың калат сезимди кытыгылап.

Жытың калат сезимди кытыгылап
Чыкса экен деп алдымдан утурулап,
Үмүтүмдү өзүңө улай коём,
Качанкы бир учурду эңсеп, самап.

## МЕН КИММИН?

«Мен киммин?
Мен бир акын жамансары,
колунда койкондогон калем сабы.»
(Б. Сарногоев).

Мен киммин?
Мугалиммин;
Ар убакта ак жол тилеп,
жаңы муунду ак дилимден алга сүрөп,
Турмуш берген улуу жолдо бара жатам,
акыл-ойду курчутуп, кайрап-бүлөп.

Мен киммин?
Врачмын;
Соккон жүрөк, өмүрлөрдү сактаган,
адамдардын ак тилегин жактаган,
ажал тоскон кылыч мизин майтарып,
сууруп алып ташка чаап таштаган.



Мен киммин?
Геологмун:
Жер байлыгын аңтарып көрүп турган,
бар күчүмдү арнап ага берип турган.
мекениме кан жүргүзүп, өзөк түзүп,
тоодон ачып, таштан сууруп берип турган.

Мен киммин?
Куруучумун:
Кабат-кабат үйдү улап шаар курган,
асмандагы жымыңдашкан жылдыздардан
кем калышпай ал үйлөрдөн нур чачырап,
бейпил түндө жадырап жанып турган.

Мен киммин?
Чабанмын:
Таяк алып тоо-тоолорду кыдырган,
ак эмгегин Мекенине арнап турган,
үмүттөрүм бийиктикте булут жандап,
жакшылыкты жүрөгүмө улаштыргам.

Мен киммин?
Жумушчумун:
Кешиктеши байлыктын, ырыскынын.
тоону тешип өт десе да өтө алат,
булчуңу чың, март күчү бар жумушчунун,
ким билбесин анын ишин, улуулугун.

Мен киммин?
Геологмун:
Жер байлыгын аңтарып көрүп турган,
бар күчүмдү арнап ага берип турган.
мекениме кан жүргүзүп, өзөк түзүп,
тоодон ачып, таштан сууруп берип турган.

Мен киммин?
Куруучумун:
Кабат-кабат үйдү улап шаар курган,
асмандагы жымыңдашкан жылдыздардан
кем калышпай ал үйлөрдөн нур чачырап,
бейпил түндө жадырап жанып турган.

Мен киммин?
Чабанмын:
Таяк алып тоо-тоолорду кыдырган,
ак эмгегин Мекенине арнап турган,
үмүттөрүм бийиктикте булут жандап,
жакшылыкты жүрөгүмө улаштыргам.

Мен киммин?
Жумушчумун:
Кешиктеши байлыктын, ырыскынын.
тоону тешип өт десе да өтө алат,
булчуңу чын, март күчү бар жумушчунун,
ким билбесин анын ишин, улуулугун.



Мен киммин?
Акынмын:
Жылдыздарга желе тарткан,
кыял минип аалам кезип бара жаткан,
көлдөй толкуп, дарыядай ташкындап,
гүлгө оронуп эргүү менен ыр жазган.

## КЕТИП БАРАМ

Заманымдын ууз сүтү өмүрүмө тамчылап,
Жашап жатам үмүттөргө ширелише
тартылып.
Нур заманым алга сүрөп, шыктанычым
камчылап,
Кетип барам, кетип барам жылдарды
артка калтырып.

Кетип барам алпурушуп, жүгүм оор
магдырап,
Кээде толкун сүрүп таштайт керексиздей
жайыкка.
Далалатым күчкө келип, кайра үмүткө
тартылам,
Кетип барам алпурушуп, жүгүм оор
кайыкта.

Кайда барам? Ушул суроо, ушул бир сөз
белгисиз,

Кетип барам жок дегенде из калса деп
артымда.

Кулук заман мени ардантып учуп барат
белгисиз,

Болбосо экен мага өкүнүч милдет таккан
калкымда.

## КУЛАК

Жакшы сөзгө жан жыргап, көңүл улап,
Жаман сөздү зыркырап уккан кулак..
Ошентсе да сезимдин антениндей
Адам күчүн солутпай кызмат кылат.

## ГҮЛАЗЫК

Өмүрүмө гүлазык — дени сактык,
Бул ааламда күчтүүлүк жок андан артык.
Бассам тыңмын, сергекмин ар убакта,
Космос жакта жүргөнсүп көңүл чалкып.

Жан ооруса жабыркап тынчым кетет,
Азаптантып кыйноосу сөөккө жетет.
Жалбырактай үлбүрөп өңүм тозуп,
Бир саатында бир жылдык өмүр өтөт.

Өмүрүмө гүлазык — дени сактык,
Оорубасам жүрөмүн байлыкты артып,
Турмушумдун каймагын татып турам,
Жүрөгүмдө гүл өнүп, денем балкып.



## ЭЛЕСТЕТТИ

Күчүн демеп, шыңгырттап күмүш булак,
Агат тынбай күү чертип төмөн кулап.
Жаштыгымдай элестүү, өзгөчө кооз,
Кыял эркин бийлеген бир гүл турат.
Сезимиме орногон бир учурда
Сүйгөнүмдүн мээримдүү жыты урунат.

Жыты урунду жыттагым келип кетти,
Көңүлүмдү жашартып кылын чертти.
Качанкы бир кубанчым жылт дей түшүп,
Жылуулугун жүрөккө берип кетти.
Мен өзгөргөм жүргөн жер өзгөрбөгөн,
Тун сүйүүмдү өзүндөй элестетти.

## УГАМ КҮҮНҮ БЕРИЛИП

Чебер уста чапкан шаңдуу комузду,
Миң кубултуп чертсе залкар комузчу,
Жүрөгүмдүн толтосунан эргүүлөр
Кайнап чыгат кайнар булак сыяктуу.

Коргошундай көлкүп, эрип төгүлүп,
Турган өңдүү угам күүнү берилип.
Сезимимден жылгыс болуп байланып,
Калган өңдүү кете албаймын бөлүнүп.

## ЖАЗ ЖЫТЫ

Калтыраткан аяздуу кыш ай кетти,
Күндө эңсеп күтүнгөн жаз ай жетти.
Эмгектенген дыйканга эргүү берип,
Тоодон соккон эрке жел желпип өттү.

Сезимдерди жаз жыты кытыгылап,
Сулуулукту оюма сугундурат.
Жуткан сайын жаз жытын дарыланып,
Чыйраламын өмүргө өмүрдү улап.

Сагынычты таратып жылда келет,
Көңүлүмдү курчутуп эргүү берет.
Ыр саптардын ыргагы куюлушуп,
Жаз жытына сезимим таасирленет.

## ДҮРТ ЭТТИРЕТ СЕЗИМДИ

Мен олтурам мөлтүр булак жээгинде,
Сөйкө гүлдүн бир талын үзүп алып,
Качанкы бир сүйүүмдү элестетип
Карайм тойбос көз менен кадаланып.

Гүлдү жыттап көкөлөтүп көңүлдү
Бир оп тартым жашарткансыйм өмүрдү.
Андан дагы жылмаюум күчөй түшөт,
Эргип угам булак черткен мукам үндү.



А мен гүлдү жыттай бердим берилип,
Баягындай жыргалыңа чөмүлүп.
Күлүп жайнап келе калып жаныма
Нур болуп сен тургансыдың төгүлүп.

Ооба, эскерем гүлдөй сезип өзүңдү,
Карагаттай мөлт-мөлт эткен көзүңдү.
Мезгил өтүп кетсе дагы көөнөрбөс
Элестериң дүрт эттирет сезимди.

## СУЛУУГА

Кулагында сыргасы,
Кызыл гүлгө окшоду.
Көздөрүнөн жанган от
Көңүл отун козгоду.

Ак жүзүнүн жамалы
Күндүн нурун коштоду.
Сулуулук тартып өзүнө
Сугалак ойду октоду.

## ТООНУ КӨРСӨМ

Тоодо өсүп жайы-кышы жашылданып,
Көркүңдү өзгөртпөйсүң сулууланып.
Жыпарың не бир сонун көңүлгө ынак,
Жыттаймын кайра-кайра кумарданып.

Унутпайм бала кезде ооруп калып,
Чоң энем бир бутагын жулуп алып,
Түтөтүп жыпар жытын жыттатканда
Бүт денем сергий түшкөн дарыланып.

Андагы чоң энемдин түтөткү — ысын
Эстесем эңсей калам арча жытын.
Денеден арбап турган сыркоону айдап.
Көңүлгө берген эргүү каражатын.

Тоодо жүрүп балалыгым тоодо калган,
Жашоонун ууз сүтүн тоодон алгам.
Тоо көрсөм балалыгым арча сымак
Тоолордо турган өңдүү кыялданам.

## КӨЗ

Менин дүйнөм, берекем — эки көзүм,
Алмашпаймын алп күчкө анын өзүн.
Жарык дүйнөм, «Бейишим» рахатым,
Көрбөсөм дейм көзсүздүк көлөкөсүн.
Көз болбосо күн күчсүз адам үчүн,
Көзсүз адам азайтат улуу күчүн.
Өмүр нуру, кубанычы, зор үмүтү,
Жаркыратат күн сымак улуу ишин.

## КЫЗ КӨРКҮ

Оп тартып магниттей кара көзү,
Бал татып көңүлгө ынак таттуу сөзү,



Суйсалган олоң чачы булак этсе,
Кыз көркү байкаганга анын өзү.

Дирилдеп көйнөгүнүн этек-жеңи,
Турганда эркелетип тоонун жели.
Колтуктап сүйгөн жигит алып кетсе,
Карт көзгө сүртүп өтөт келекесин.

## АКТАЙ БИЛСИН

Ата-ата десе балам кубанам,
Күлкүсүнө сезимимди сугарам.
Мээримине жыла алгыстай байланып,
Аталаса денем балкып чыңалам.

Бала тура бакыт, сыймык биз үчүн,
Кубанычка бөлөп турган үй- ичин.
Эркин өссүн, эр жетилсин тынч жашап,
Актай билсин ата-ененин үмүтүн.

## АЙЫП ӨЗҮМДӨБҮ

Айлыңа кышта эмес жайда келем,
Ашыгып сен төрөлгөн айда келем.
Кошунаң Жапар досту шылтоо кылып,
Туулган күнүңө арнап белек берем.

Анткени ашкерелеп айтпасам да,
Тымызын жүрөк каалап сүйөр элем.

Бирок, сен убарага мени салып,
Алиге биле албадың сырды терең.

Билбеймин жериндеби, өзүңдөбү,
Же чиркин магнитиң көзүңдөбү.
Дегдетип ар жыл сайын келтирүүчү
Бал өңдүү таттуу шире сөзүңдөбү.
Же сенин чүмбөттөлгөн амалыңа,
Алданып жүргөн айып өзүмдөбү.

## ЭНЕ СӨЗҮ

Сен оорусаң жүрөгүм кошо ооруп,
Санаа бийлейт кан тамыр катуу согуп
Карек менен айланам чимирилип,
Сен турасың сезимде шоола болуп.

Алыстасаң жүрөгүм тартылышат,
Жалооруган көздөрдөн учкун учат.
Жакындасаң жан жыргап, мээрим тартып,
Көңүл сергип, көөдөнүм дары жутат.

## БОЗ ҮЙДӨГҮ ШАТЧЫЛЫК

Аскалардан улар сайрап, ышкырып,
Жайыттарда койлор маарап, бышкырып,
Бир өзгөчө жагымдуу жыт буркурайт,
Боз үйлөрдө жеңемдер май сызгырып.



Кыт-кыт күлүп, кымыз куюп чыныга,
Ичкин тез деп бири-бирин шаштырып,
Кыз-келиндер жигиттерге аралаш
Олтурушат ыр-бий менен каткырып.

Ал эми абам жылкыларды акмалап,
Сыртта жүрөт боз жоргосун бастырып.
— Садагалар майрамдашсын, бактылуу,
Кандай сонун бул доордогу жашчылык! —
Дейт жылмайып боз үй жакты бир карап,
Өзүнчө эле кубанычын арттырып.

## ЖЫЛКЫЧЫ ЖИГИТ

Жайында жайлоо жайлаган жигит,
Чубатып жылкы айдаган жигит.
Эмгегин элге, мекенге арнап,
Кайраты ташып кайнаган жигит.

Жылкылар чыкса жылгадан чубап,
Жылкычы жигит оюмду бурат.
Жайыттан өзүн көрбөсөм дагы
Жайлоодо жүзү элестеп турат.

Жайында барып кымызын ичкем,
Кымызын ичип кызара түшкөм.
Ошондо билдим өңүнө карап,
Эндиги кетпес кымыздан бүткөн.

## КЫЗЫМ ТААЛАЙГҮЛГӨ

Жаз келатат, жаз келатат карачы,
Жадыраган гүлдөн сөйкө тагынып.
Жашылданып тоо-таштардын арасы,
Жаз келетат дыйкан күткөн сагынып.

Кызым жазда атлас көйнөк кийем дейт,
Гүл көркүндө жагалданып, шаңданып.
Заманындай куунак, эркин жүрөм дейт,
Ак жүзүнөн жадыраган нур жанып.

Кийсин мейли ыраазымын дилимден,
Үмүтүмдү актап, сыйлап жүрө алсын.
Көрүнө алса жылдыз учкан бийиктен
Бактысына кыргыз журтум кубансын.

## КӨЗ ОТУҢДУ ЧАЧЫРАТЫП БЕРИЛИП

Таңды күтөм уйкум качып, ойгонуп,
Миң сан ойдун түпкүрүндө толгонуп.
Сезимимде үзүлбөгөн үмүт бар,
Жашайм деген өзүң менен бир болуп.

Күн чыкканда күндү күтүп аламын,
Андан кубат, андан эргүү аламын.
Таза абадан көөдөн кере дем алып,
Көңүл сергип, жылдыз болуп жанамын.



А түнүчү, ай көрүнсө кубанам,
Айды жандап бараткансып чыңалам.
Турган өңдүү жамгыр болуп төгүлүп,
Денем балкып ай нуруна чыланам.

Уктап кетсем түн күчүнө жеңилип,
Кадимкидей терезеден көрүнүп.
Тургансыйсың мени карап жылмайып,
Көз отуңду чачыратып, берилип.

## ТУРМУШ САПТАРЫ

Сулуулукту сезимиме ширетип,
Улуулукту жүрөгүмө катсам дейм.
Ушул күчтү максатыма түнөтүп,
Ырахатын турмушумдан тапсам дейм.

— * —

Түшүп жатат жалбырактар шуудурап,
Өткөн өмүр кеткен күндөн ыр курап.
Күз айынын ушул улуу белгиси,
Карт өмүрдү элестеткен сыр курат.

— * —

Сезимимди убактылуу бийлеп алып,
Санаалар айдан, күндөн алыс учат.
Кирпигим кагылганча жете барып,
Кайдагы жок нерсеге чырмалышат.

О, турмуш деймин кээде ойго батып,
Өткөн күн, өмүрлөргө таасирленип.
Үмүттөн үмүттөргө чабыт уруп,
Чарчаймын кыял менен санай берип.

— * —

Көз кубаты кеңдикти тепчип өтөт,
Кыял күчү ааламдан алыс кетет.
Бүгүн адам акылы кыял эмес,
Ай-жылдыздан алыскы сырды чечет.

— * —

Мен дүйнөнүн картасын карап турсам,
Жетеленип сезимим ойго тунсам,
Тун сүйүүмдүн күчүндөй элестенет,
Туулуп өскөн мекеним Кыргызстан.

— * —

Ата-Баба калтырган белеги деп,
Арабасын турмуштун түртүп барам.
Заман берген жүгүм аз, милдетим көп,
Максатыма жетсем деп талаптанам.

— * —

Ой деген ой бурган жакка кете берген,
Өмүрүң аз билинбестен өтө берген.
Адашат, турмушунан азап чегет,
Куру кыял, жеңил ойго жетеленген.



## ЭСИМДЕСИҢ

Ойлонуп турган өңдүү алда нени,
Жалооруй карагансыйт күндө мени.
Мекенин коргоп жүрүп курман болгон,
Агамдын мага берген эстелиги.

Жаш кеттиң фашизмге кыжырланам,
Антсе да жеңишиңе сыймыктанам.
О, иним унутпагын эстей жүр деп,
Так ушул сүрөтүңдү бердиң маган.

Унутпайм ар убакта эсимдесиң,
Азыр да жеңиштердин четиндесиң.
Сактадың бактыбызды эркин жүрөм,
Аралап түгөнбөгөн элдин кенчин.

## АК ШУМКАРЫМ

Көкөлөп ак шумкарым учуп барат,
Кайыктай канат какпай сызып барат.
Күн нуру чагылышса канатына,
Көркүнө көңүл эргип, моокум канат.

Кай жактан учуп келди кайда барат,
Куусунө тартылышып сезим талат.
Көз жеткис мейкиндиктин жазып черин
Көкөлө, Ата Мекен сыймыктанат.

## ЖЕР — ЭНЕ

О, жер — эне, теңдешсиз чыдамкайсың,
Азап-тозок ысык-суукту көтөргөн.
Сенде бир жол — ал ыйык салтың:
Көктөмүңдөн жашоонун күчүн берген.

## АЛДЫДА ТУРАТ ГҮЛГҮН ЖАЗ

Жайлоодогу бир булак,
Уккулуктуу үн курап,
Көңүл кылын черткилеп,
Тургансыды сыр сурап.
А мен болсо сага арнап
Эргиштенем ыр курап.
Көпкө турдук кете албай
Кандай сонун жаш курак.

— * —

Жайда барсам баягы
Биз жактырган гүл турат.
Көңүлүмдү сергитти
Жыпар жыты буркурап.
Жаштыгымды эңсетти
Элесиңди тартуулап.

— * —

Өксүбөйм өткөн өмүргө,
Кулпурган гүл бар өмүрдө.



Кытыгы болуп жашоомо
Жаштыгым турат көңүлдө.

— * —

Заманам күлүк оюм жаш,
Үмүтүм учкул, мезгил аз,
Бүчүрүм—балам, кубанчым,
Алдыда турат гүлгүн жаз.

## КЕТПЕСЕ ЭКЕН

Мен билбеймин башкаларды өзүм сезем,
Жыл сайын төрт мезгилди тепчип өтөм.
Кыш келсе бүт айлана буурулданып,
Өмүрүмдөн бир жылга алыс кетем.

Жазда өмүр жаңысын баштагамын,
Жаңылыкка бир кадам таштагамын.
Гүл жытындай жашоомо сугумду артып,
Заманыма шыгымы таптагамын.

Эмгек деген бир гана курал турат,
Ал турмуштун жаңысын улайт курап,
Татаал жолду, ашууну алга коюп,
Бакыт, үмүт, тилекти тартуу кылат.

Албууттанып күн сайын күчкө келем,
Жашоом үчүн жанды үрөп эмгектенем.
Арзуум толбой үмүттү үмүткө улап,
Сезбей мезгил өткөнүн кете берем.

Жай да өтөт, күз өтөт, жылга жетет,
Карт өмүрдүн мезгили эшик чертет.
Мурутуңа муз тоңгон аяз келип,
Жаңы өмүргө жаштыгын берип кетет.

Ай жылдарга уланып өмүр өтөт,
Ууру мезгил карылыкка тизгиндетет.
Арган бирөө: картайбас өмүр берип,
Эстелигиң — эмгегиң калып кетет.

Чок түшкөнсүп сезимге тыз-тыз этем.
Убакыттар пайдасыз өтпөсө экен?!
Чочулоом бар: Калкымдан сый ала албай
Унутулуп өмүрүм кетпесе экен?!

## КАРЫЛЫКТЫН БАКТЫСЫ

Мен сүйгөмүн көп ичинен өзүңдү,
Шуру мисал жоодураган көзүңдү.
Узун чачың, кымча белиң, бал өңдүү
таттуу сөзүң тартып алган сезимди.

Сенсиз жоктой жашоо, турмуш мен үчүн,
Сезимимде орноп турган күнү-түн,
Элесиңден ар убакта кубат алып,
Жанып турчуу жылдыз болуп үмүтүм.

Кана менин ошондогу нак сүйүүм,
Сенден дагы кеткен окшойт ак сүйүүң.



Андагыдан супсаксыңбы? Жок-жок,
Таттуулукка толуп турат куттуу үйүм.

Мээримимибиз, ак сүйүүбүз балабызга
өтүп кеткен. Турмуш күчтүү арабызда...
Ширелишип алганбыз, барктай билсек,
Карылыктын бактысы бар балабызда.

## А К Ы Н

Акын — шайыр, акын куудул эл менен,
Акын — булбул, акын ойчул эң кенен.
Акын сөздүн чеберинин чебери,
Улап, кынап жик билгизбей ширеткен.

Акын — чынчыл ырын элге арнаган,
Акын эрктүү күндө күчөп талбаган.
Акында бар өчпөс талант нурлары,
Сансыз жылдык өмүр жолун камдаган.

## САЙРА БӨДӨНӨ

Сайра бөдөнө чайканада тил безеп,
Капастагы өмүр күнүң өткөнчө
Сайра, тынба үнүң чыксын бийиктеп,
Бул жашоодон бир рахат көргөнчө.

Сени талаа күтүп турат сагынып,
Салааланган гүлдөн сөйкө тагынып.
Экология эшик ачар сен үчүн
Чайканачы жалынына багынып.

## АЛАЙЫМ АРКЫТ — КООЗ АЙМАК

Өзгөчө кымбат көрүнүп,
Өмүргө азык төгүлүп.
Суусун ичкем Алайдын,
Сугумду артып, берилип.

Абасын жутсам аңкыган,
Көкөлөп көңүл чалкыган.
Ак сүтүн апам бергенсип,
Дем кирип, денем балкыган.

Көргөндө кооз жерлерди,
Сагыныч бийлеп мендеги,
Сулуулук көркүн эңсетет,
Гүлдесте — Алай жерлери.

Тоолордо түркүн куш сайрап,
Түзүндө түмөн мал жайнап,
Абасы кымыз жыттанып,
Алайым аркыт — кооз аймак.

## НАРИСТЕ (*Этюд*)

Ыңаалаган бир ажайып үн менен
толтуруп үй ичин жаңырыкка,
түн сүрүлүп аткан таңда
жарк деп жанган шам болуп
келгемин жарыкчылыкка.
Апам жана жарык
сүйөт, эркелетет
жыттап назик жүзүмдөн.



Энелик мээримин төшөп
күлсөм күлөт,
каткырат ыракаттанып.

— * —

Түн желесине тартылып
уктайм магдырап...
Аалам мейкиндигинде тургансып
ойгонсом бешиктемин.
Жылт эткен жарык,
мээрим төшөөр апам жок,
ыйлайм көздү жаштап,
кеткенсип мени таштап.
Анан бир ажайып жыт келет
бүт денемди магдыратып.
Бул эне жыты, жүрөк сезет.
Бешик термелет,
алдейлеген үн жеңет,
мемирейм уйкумду кайра баштап.

— * —

Акырын көзүмдү ачсам,
апам бешикти ачкан.
Терезеде күн турат
күлүмсүрөп нурун чачкан.
Тиктейм тигилип,
каректерим чарчаганча.
Керек мага жарык,
ал өмүрүм.

Эне сүтү сиңип денеге,
алпештенип мээримине
бастым кадам шилтеп.
Алга-алга дегенсийт турмуш
бийиктигине үндөп.
Сезимим ааламдын босогосунда,
Үмүтүм бар жалындаган.
Күн чыкканда болсом сыртта:
«Күн келетат,
күн келетат!»
дейм оюмда.
Талпынам тоо тарапка:
— Күн келетат,
күн келетат!
Менин бул үнүмдү эч ким укпайт,
таза аба,
жел гана мага ыктайт.
Камкор апам арка жакта:
«Жыгылбаса,
ыйлабаса!?»
деп чочулайт.

— * —

Күн желеси тартылат
чексиздикке,
адамга,
бүт ааламга,
жандууларга жашоо берип,
өмүрлөргө өмүр улап.
О, күн чык, чыга бер,



күтөт жер,
Бүткүл тирүүлүктөр,
наристелер.

— * —

Билем анык,
кымбат тура,
назик тура балалык.
Бара жатып айыл четинде
күлгөмүн каткырып,
күн нуруна көңүлүмдү шат кылып.
Эркеткем апамды
балалыктын ышкысына бастырып.
Ала коюп жолдо жаткан чыбыкты
минип алып ат кылып,
«чу-чу» дегем,
жүгүргөм,
күлүктөрдөй атаандашын шаштырып,
бараткансып «боз атымды» камчылап,
ойт берем чаң ызгытып,
«Тартпа тизгинди,
камчы бас,
бошотпо өзүңдү!»
дегенсийт атам сүрөп.

— * —

Айсыз түндө,
ар бир үйдө
жылдыз болуп жадырайт жанган оттор.

Сабалап учуп жарганаттар,
тынбай ары-бери каттап.
Булбул сайрайт,
безеленет,
тартат чоорун тартар куштар.
Түн күзөтүп чурулдаган бакалар,
Улуп-уңшуп жолбун иттер,
тооло каңып карышкырлар...
Аңы жүрбөй ачкалыктан
«Ау-у-у, ау-у-у» дешет алар.
О, жаратылыш өзүң берген улуулуктар
мына ушулар.
Күн санап угам,
жадабайм,
ышкысына тартылам.
Сезимимди байлап коюп ага
уктайм мемиреп.
Бир көрүнүп жылт койгон
жолоочудай жоголуп түн,
ойгонсом күтүп алат күн.
Терезеден шыкаалап:
— Тур, турагой! — дейт
нуру менен кирпигимден тартып.
Ыракат жок мага мындан артык.

— * —

Ар бир күн жана түн —
өтүп жаткан өмүрүм.
Унутулуп улам артта калып...



күтөт жер,
Бүткүл тирүүлүктөр,
наристелер.

— * —

Билем анык,
кымбат тура,
назик тура балалык.
Бара жатып айыл четинде
күлгөмүн каткырып,
күн нуруна көңүлүмдү шат кылып.
Эркеткем апамды
балалыктын ышкысына бастырып.
Ала коюп жолдо жаткан чыбыкты
минип алып ат кылып,
«чу-чу» деген,
жүгүргөм,
күлүктөрдөй атаандашын шаштырып,
бараткансып «боз атымды» камчылап,
ойт берем чаң ызгытып,
«Тартпа тизгинди,
камчы бас,
бошотпо өзүңдү!»
дегенсийт атам сүрөп.

— * —

Айсыз түндө,
ар бир үйдө
жылдыз болуп жадырайт жанган оттор.

Сабалап учуп жарганаттар,
тынбай ары-бери каттап.
Булбул сайрайт,
безеленет,
тартат чоорун тартар куштар.
Түн күзөтүп чурулдаган бакалар,
Улуп-уңшуп жолбун иттер,
тоолo каңып карышкырлар...
Аңы жүрбөй ачкалыктан
«Ау-у-у, ау-у-у» дешет алар.
О, жаратылыш өзүң берген улуулуктар
мына ушулар.
Күн санап угам,
жадабайм,
ышкысына тартылам.
Сезимимди байлап коюп ага
уктайм мемиреп.
Бир көрүнүп жылт койгон
жолоочудай жоголуп түн,
ойгонсом күтүп алат күн.
Терезеден шыкаалап:
— Тур, турагой! — дейт
нуру менен кирпигимден тартып.
Ыракат жок мага мындан артык.

— * —

Ар бир күн жана түн —
өтүп жаткан өмүрүм.
Унутулуп улам артта калып...



Эрте-кечте козу-улагын тосушуп,
Көгөөндөргө бирден тизип байлаган.

Булактарда суу чачышып сергишкен,
Көкөлөтүп көңүлдөрүн эргиткен.
Ала качып Азаматтын көйнөгүн,
Эчен жолу акактатып жүгүрткөн.

О, Кипарис жайдары кыз жароокер,
Көзү түшүп суктанышат жигиттер,
Жакындашып сүйлөшө албай сүрдөшөт,
А кай бири жандап койсо үмүткөр.

II

Туш тарабы тоолор менен курчалып,
Айылдагы үйдүн баарын башкарып.
Турган өндүү бийик жерге курулган,
Орто мектеп өзгөчө кооз шаңкайып.

Сабак сайын коңгуроосу кагылган,
Тоо суусунун коштоосунда жаңырган.
Ушул суунун агымы күч Буурадай,
Көбүк чачып, ташты ургулап жулунган.

Жазда көрсөң багында гүл жайнаган,
Айра албайсың уз бүтүргөн саймадан.
Араласаң аңкыган гүл жытына,
Жан жыргатып жашарасың кайрадан.

Кышта көрсөң шамал соксо шуудурап,
Тегерегинен шаңдуу шоокум угулат.
Шар суусунун жээгүндеги куурайлар
Жалтылдаган акак шуру тагынат.

Ушул мектеп келечектин сереси,
Уул-кыздар ардактаган мөмөсү.
Агайлары, эжейлери мээримдүү,
Ак пейилдүү адамдардын төрөсү.

Бул мектепке бир гана түз жол барат
Доор күткөн зор милдетти аткарат.
Мезгилдердин жебесинде жарышып,
Жалтанбаган жаш сезимдер сыналат.

Бирге олтуруп бир досканы караган,
Агай жазган билим изин санаган.
Ар бир сабак — окуу, билүү, үйрөнүү,
Максаттар бар сезимдерге улаган.

Ар бир күнү ойгонушуп ак таңда,
Он жыл окуп, он жыл ак жол басканда,
Билим алып алтын уя—мектептен,
Ар бир жашка канат бүтөт учканга.

III

Азаматтын оту жанып жүрөгүнөн,
Кубанычтын нуру тарап көздөрүнөн.



Аттестаты колунда сыймыктанат,
Айга учуп барчудай түнөгүнөн.

Кипаристин сыймыгы андан бийик,
Ак тилеги тургансыйт айга тийип.
Азыр учуп жөнөчүдөй Москвага
Жалын бүркүп, ак дили турат күйүп.

Күндөр жылып, айга өтүп мезгил жетти,
Бузбайбыз деп алдыга койгон шертти.
Экөө бирдей барышып Бишкекке,
Институттун эгишин тырс-тырс чертти.

IV

«Биз тоолукпуз, тоодо калды балалык,
Тоодон учтук алтын куштай таранып.
Тоолуктарга кызмат кылуу биздеги,
Асыл максат, кайра тоого баралык.

Тоолордо бар толуп жаткан кен байлык,
Геолог болом, бул мен үчүн ылайык.
Сен врач бол, ооруп калсам дарыла,
Өмүр турсун ак дилиндей тазарып».

Ушул оюн айткан кезде Азамат,
Кипаристин акак жүзү нурданат.
Үмүт, тилек орундалып эки жаш,
Жалаң «бешке» экзамен тапшырат...

V

Бир күндө эле көрбөй калса сагынат,
Каректерге сүйүү оту жагылат.
Магниттей тартылышып жүрөктөр,
Жал-жал тиктеп сезимдерде жалынат.

Убакытты таба билет ар күнү,
Кипаристи жандай бербейт күн-түнү.
Азаматым тыкан, сергек, адептүү,
Болбойт анда минутага бош жүрүү.

«Институттан билим алуу—зор ашуу,
Баалаганга ийне менен кен казуу.
Ноюбастан оор жүктү көтөрүп,
Узак, татаал, тайгак, таштуу жол ашуу»

Дал ушинтип кимдир бирөө айткансып,
Кайраттантып, шык жаратып жаткансып.
Азаматым аз уктайт да, көп окуйт,
Бир ай өтсө, бир дабанды ашкансып...

VI

Аба муздап, күз аяктап кыш келди.
«Ак пахтаны дарактарга илгенби?»
Деп ойлойсуң кыялдана карасаң,
Бутактарын ак кар жапкан сиренди.



Тоодогудай каргалар жок каркылдак,
Ит көрүнбөйт үрүп жаткан арсылдап.
Жигит кыздар басып барат көчөдө,
Өтүктөрдөн чыккан үндөр тарсылдап...

Бороон жүрсө ызырынып ышкырган,
Тонун чечип тоготпостон олтурган
Чоң атасын элестетет Азамат,
Малын багып, тыным албай иш кылган.

Өзү дагы көнүп алган суукка,
Жүрө берчү тонун кийбей суукта.
Карды малтап отун алып келүүчү,
Теңдеп артып кунанына кер кашка.

Сары майдан салып эзген курутка,
Нанды чылап ичип алып суукка
Чыккан кезде чып-чып тердеп чекеси,
Жүрө берүү көнгөн адат тоолукка.

Азаматым тоо баласы эмеспи,
Театрга алып коюп билетти.
Күтүп турат Кипаристи жол карап.
Саатын тиктеп санап эчен мүнөттү.

Кипарисим үшүп кетет дирилдеп,
Кирпи өңдөнүп беттин түгү бириндеп.
Колу муздап, муздан чыга калгансып,
Араң эле саламдашат күлүңдөп.

Оор мүнөз, бойлуу жигит Азамат,
Назик колун ысытмакка укалап.
Калган кезде тартып алып акырын,
Колтугуна ката коюп назданат.

«Мен ысыкмын, кат колуңду ката бер,
Бүт денеңди катаар элем батса эгер...
Кипарисим үшүбөсүн ысысын,
О, жүрөгүм чач отуңду чача бер!»

Дейт Азамат жал-жал карап жүзүнө,
Саал имере тартып алып өзүнө.
Саамайынын жытын искейт акырын,
Жыла албастай байлангансып эркине.

VII

Аба жылып, жер жашарып жаз келди,
Шаар ичине түрлүү түмөн түр берди.
Кипарис да, Азамат да суктанат,
Көргөн сайын кызыл-тазыл гүлдөрдү.

Жакын барып суу бүркүлгөн фонтанга,
Салыштырып жайкы нөшөр жамгырга.
Ойлой калат жайлоодогу күндөрүн,
Чагылган от чачып өтчү булутка.

Шуру таккан жалбыракка мөлтүрөп,
Шүүдүрүмдү көз алдыга келтирет.



Кипарис да, Азамат да көз албай,
Көккө атылган сууну карап телмирет.

Тоодогудай шарактaшып күлүшпөйт,
Суу чачышып, кубалашып жүрүшпөйт.
Акырын дейт катуу сүйлөп баратса,
Көчөдөгү адепсиздик ушул дейт.

Кипарисим кулан эле тоо жакта,
Тыным алып тура албаган бир паска.
Тамашакөй, куудулдана сөз атып,
Токтоочу эмес бир күлкүсү башталса.

Эркин, тоолук мүнөз менен келишип,
Акырындап шаар ичине көнүшүп.
Сылыктыкты, сыпаалыкты үйрөндү,
Жолугушса мээрим төшөп көрүшүп.

Бакка келип ар күнү сергий басып,
Түн киргенче жүрүшөт көңүл ачып.
Бир-бирине сүйөнө олтурушуп,
Сүйлөшкөнү бир кызык божурашып.

VIII

Студенттик курактарды шимирип,
Өттү күндөр айдан жылга сүрүлүп.
Экинчи жыл, экинчи курс аяктап,
Турмуш шарты, билим баркы билинип.

Экөө эки институтта окушат,
Кыйын болду алар үчүн кышкы шарт.
«Өзүм айткам, өзүм сунуш киргизгем...»
Деп өкүнүп Азамат ойго тунат.

Курсташ кыз көп карагаттай мөлтүрөп,
Көздөрү нур, кирпиги гүл көрүнөт.
А алардын бирөөнү да окшотпойт,
Кипариси ай, күн болуп төгүлөт...

Кипарисчи? сууй баштап акырын,
Алыстатты жүрөгүнүн жакынын.
Курсташтарын көзгө тута баштады,
Азаматка салыштырып акылын.
Сулуулугун, шайырланган мүнөзүн,
Каалаганын так аткарган марттыгын.

Адегенде көзү түшүп Асанбек,
Бирге олтурган жакындашып алсам деп.
Сүйгөнүнүн бар экенин билген соң,
Ичтен тынып жүргөн дайым бербей шек.

Сылык сүйлөп, мээрим төшөп, жалдырап,
Силкип салса кой антпе деп калтырап.
Коркок жүрөк коён болуп көрүнүп,
Жол бошотуп, өзү кийин олтурат.

Карегинен айланат да бөгүлөт,
Коргошундай көлкүп эрип төгүлөт.



Катуу тилдеп какса дагы Кипарис,
Кебелбестен өз боюна сиңирет.

Ашканада кезегине тургузбайт,
Акы тилеп акча алдырып сунгузбайт.
Чоң жыйында орун болбой калса эгер,
Өзү олтуруп, аны тике тургузбайт.

О, Кипарис, мындай кытмыр сылыктар,
Аз болсо да арабызда бар чыгар.
Аны сезбей өз жолундан адаштың,
Ойлонбодуң: «Ичте кандай сырың бар?!»

...Кыялдандың: «О кандайча сулуулук,
Мында да бар мээрими күч жылуулук.
Мамилеси эч кимде жок, өзгөчө,
Ушул белем адамдагы улуулук!»

Күндөн-күнгө жакындадың берилдиң,
Азаматка баруудан да эриндиң.
Кээде каарып, ыксыз эле таарынып,
Жолобо деп уудай тилиң тийгиздиң.

Аты анын болсо дагы Асанбек,
Чакырасың кылыктана Асан деп.
Анда Асаның: «Об Жыпаш!» — дейт
жанды үрөп,
Сенин сулуу келбетиңе эреркеп.

Колтуктадын ашкерелеп Асанды,
Асан берер кезегинде жазанды.
Жаңылыштык өкүнүчтүн башаты,
Анда кимге айтмакчысың капанды?!»...

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

«Баягындай күлүп жайнап жүрбөдүң,
Жүрөгүндө жектеп мени тилдедиң.
Үмүтүмдү улап коюп өзүңө
Бакыт издеп жолго чыксам билбедиң.

Жолум татаал, ашуусу көп билемин.
Тапсам дегем махабаттын түнөгүн.
Жүрөгүмдүн тереңине орнотуп,
Бир өзүңө багытталган тилегим.

Көп адамдар баскан ошол жол менен
Кээси жетсе, кээси өксөп жетпеген.
А сенчилеп аңкоолору бар тура,
Махабаттын баркын сезбей тепсеген!»

Мына ушинтип ойго батып Азамат,
Жарадардай жаны кейип олтурат.
Күбө болуп, мөлтүр булак тунук суу,
Күйүтүнө күүсүн улап кошулат.

Элестетет колтукташып басканын,
Күндөлүккө Кипарис деп жазганын.



Кинолордо, театрда бир болуп,
Күлүп-жайнап куштай көңүл ачканын.

А эмичи, жылт деп өтүп башкага,
Алмаштырып мансап менен акчага.
Тун сүйүүсүн түртүп койду боздотуп,
Жомоктогу Акай сымак аскага.

Махабатты акыл менен таба албайт,
Сулуулуктан, улуулуктан жаралбайт.
Дүйнө кезип, издесин да иштесин,
Алтын берип алмаштырып ала албайт.

Махабат бул жүрөктөгү чок деген,
Жалындаса оңой менен өчпөгөн.
Аны сурап, аны сатып ала албайт,
Ал гүл эмес. жерде өсүп көктөгөн.
Андай болсо ар ким үзүп албайбы,
Жалындатып жүрөгүнө салбайбы...

— • —

## МАЗМУНУ


Ырларым менин сырларым 3
Карегим менен кагылам 4
Бир элес 6
Бир тал жүзүм 6
Тынч болсо экен бүт аалам 7
Үмүттөрүм жанган от 9
Заманым анын сынчысы 9
Ким талашат 10
Тамшантты 10
Ашыктык 11
Шүүдүрүм 11
Ызгаарына сугарат 11
Жылдыздар жымыңдашат 12
Сөз 12
Жашап турат 13
Эскерем 13
Журтум сүйсүн 14
Кекенгенин койсочу 15
Күндөр өтөт 16
Өксүгөндөр аз эмес 17
Жытың калат сезимде 18
Мен киммин 19
Кетип барам 21





Кулак 22
Гүл ачык 22
Элестетип 23
Угам күүнү берилип 23
Жаз жыты 24
Дүрт эттирет сезимди 24
Сулууга 25
Тоону көрсөм 25
Көз 26
Кыз көркү 26
Актай билсин 27
Айып өзүмдөбү 27
Эне сөзү 28
Боз үйдөгү шатчылык 28
Жылкычы жигит 29
Кызым Таалайгүлгө 30
Көз отуңду чачыратып берилип 30
Турмуш саптары 31
Эсимдесиң 33
Ак шумкарым 33
Жер — Эне 34
Алдыда турат гүлгүн жаз 34
Кетпесе экен 35
Карылыктын бактысы 36
Акын 37
Сайра бөдөнө 37
Алайым аркыт — кооз аймак 38
Наристе (этюд) 38
Махабат оту өчпөйт (поэма) 44

Сапар АБЫЛОВ

МАХАБАТ ОТУ ӨЧПӨЙТ
«ООГАНДЫҚ ҚЫРГЫЗДАРГА ЖАРДАМ»
ҚАЙРЫМДУУЛУҚ БОРБОРУ

Редактор А. Нурдинов,

Техникалык редактору Л. Шульченко

Қорректору З. Пасаңова.

Сүрөтчү Б. Жали уулу.

Терүүгө 4. 02 92 ж. берилди. Басууга 20. 03. 92 ж. берилди. Форматы 60X84 1/32, 1, 75 п. л. Тиражы 5000 нуска, заказ № 807

Ош шаары, Курманжан датка көчөсү 209

D5